| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>КӨК-МОЙНОК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОК-МОЙНОКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

"11" 04 2022-ж. № 8 Ак-Өлөң айылы

**Көк-Мойнок айыл аймагынын жайыт комитетинин тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагынын жайыт комитетинин төрагасынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк- Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл аймагынын жайыт акысы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   Бир баш бодо малга -78 сом, бир баш жаш бодо малга-55 сом, бир баш кой, эчкиге 16 сом.
2. Көчүү- конуу боюнча төмөндөгүдөй график бекитилсин:
   2022-жылдын 15-апрелинен баштап айдоо жерлерди коруу башталсын, 15-майга чейин жайлоого малдар көчүрүлсүн. "Кара-Саз" жайлоосуна 15-июндан кечикпестен көчүрүлсүн.
   Кайра көчүп келүү 2022-жылдын 20-сентябрдан кийин башталсын.
3. Эгерде мал багуучулар жогоруда көрсөтүлгөн көчүп конуу мөөнөттөрүн бузса жана жайыт акыларын өз убагынан кечиктирсе Бузуулар кодексинин 24-бөлүмүнүн 182,183 беренелерине ылайык 4-категориядагы айып пулдар салынсын.
4. Айыл аймагынын мал багуучуларына айыл аймагынын элинин малынан тышкаркы малдарды алууга жана 1 отар кой 700 баштан ашуун кой алууга тыюу салынсын.
5. Башка айыл аймактардын чек –аралаш отурган мал багуучулардын малдары биздин жайыттарга жайылса, биздин тарифтен эки эсе өлчөмүндө жайыт акы алынсын.
6. Бул токтомду аткаруу жагы жайыт комитетинин төрагасы Р. Ташпаевге милдеттендирилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

Төрага Мамытбаев К.